Тушум майрамы

К. Соорбекова

Түшүм майрамы

ҚАРА-КӨЛ ШААРДЫК
КИТЕПКАНАСЫ
ОКУУ ЗАЛЫ
Инв. № 01к

УДК 821-51-93
ББК 84КИ 7-4

С 63
Соорбекова К.
С 63 Түшүм майрамы. -Б. «Максат» 2015- 24 б.
ISBN 978-9967-27-805-9

Жаш өспүрүмөр үчүн ырлар. Окуп чыгып ден-соолугунарды чындагыла.

С 4803300100-15
ISBN 978-9967-27-805-9

УДК 821.51-93
ББК 84 КИ 7-4

© К. Соорбекова
2015

Төөнүн карды жарылган,

Күз да келди сагынган.

Түшүм жакшы болсун деп,

Жаратканга жалынгам.

Бүгүн түшүм майрамы,

Бүт кабактар жайдары.

Жаздан берки эмгектин,

Дасторкондо каймагы.



Бөлөк-бөлөк бөлүнүп,

Жер-жемиштер төгүлүп.

Кызыл дарбыз ортодо,

Эң бир таттуу көрүнүп.

Оозго салып татысам,

Кырт-кырт этет капустам.

Ден-соолукка пайда деп,

Сөз кылышып жатышкан.

Сапсары го ашкабак,

Ичин койсо тазалап.

Ал да бир топ пайдалуу,

Көп тамактар жасалат.

Сыйкыр таяк тийгенде,
Үч ат чеккен араба,
Жомок сыры башталып,
Даяр болот заматта.

Иштерман кыз Золушка,
Ак кайыңдай ийилип.
Жөнөйт го хан сарайга,
Жарашыктуу кийинип.

Сабиз деген азамат,

Кечки күздө казылат.

Түр-түр салат жасалып,

Андан күрүч басылат.

Жазга чейин жетсин деп,

Жертөлөөгө катылат.



Үйүлөт го картошка,

Ырдап жүргөн Антошка.

Ал экинчи нан экен,

Берекеси бар экен.



Түшүм төктү алама-бак,
Кызыл, көгү, сарысы.
Карап көрсөм кармалап,
Бышып калды баарысы.

Үзүп алып бирөөсүн,
Тиштеп көрсөм тырс этип.
Ширин экен шireси,
Чачырады бырс этип

Йод бар кошулмасында,
Көк алма темир булагы.
Пайдалуу жагы көп экен,
Тамшанып биз жеп туралы.

Тазалайт боорду, бөйрөктү.
Аш кылып жеген тамакты,
Марганец, калий бар экен,
Ден- соолук үчүн дары экен.

Помидорго баратам,

Түсү кызыл карасам.

Дагы түрү бар экен,

Мончок-мончок сары экен.

Туздан сээп жеп койдум,

Даамдуу экен деп койдум.

Кызыл, кызыл кызылча,
Таттуу экен бышырса.
Кан болот дейт атакем
Ичегини иштетет,
Пайдалуу дейт апакем.

Дагы сыйкыр күзүмдүн,

Даамын таттым жүзүмдүн.

Таңдай калды тамшанып,

Ооз тийип бир үзүмүн.

Кызыл кочкул кулпунай,

Сугум артып турдум ай.

Таттуу экен деп алдым,

Бир чыныны жеп алдым.

Кызыл, кара карагат,

Бышып, турат салаалап.

Терип койсом алардан,

Таттуу шире жасалат.

Калемпирдин кызыл, жашыл, сарысын,

Угуп калдым ден-соолукка дарысын.

Күз келгенде туздап алам даярдап,

Ачуусун да, таттуусун да баарысын.

БАРА-КӨЛ ШААРДЫК
КИТЕПКАНАСЫ
ОКУУ ЗААЛЫ
Инв. № 8/11

Чоң бакчамды көрүп кетчи,

Көңүлүңдү бөлүп кетчи.

Узун-кыска, арык-семиз,

Ар кайсы сорт бадыраңдар.

Ортосунан бөлүп жесем,

Жыты укмуш буркурайт го.

Түшүмү көп, келип кетчи,

Идиш алып терип кетчи.

Алчанын бар кызылы да, сарысы,
Бирден үзүп, чоң себетке теремин.
Тизип алып таякчанын башына,
Күтүп турган досторума беремин.

Караңгыда карасаң, чоң бакчамдын сүрү бар,
Таң атканда карасаң, шабдаалынын түрү бар.
Андан ары түз басып, оң жагына түшүп ал,
Этегиңе толтуруп, кара өрүктөн үзүп ал.

Чоң базарга мен бардым,

Агыш саргыч коон алдым.

Кесип жесем тилимин,

Таттуу экен шириним.

Жашылчалар, жемиштер,
Силерге ким теңешер.
Витаминдер толо деп,
Айтылат көп кеңештер.

Ошондуктан силерди,
Пайдалуу деп көп жеймин.
Ден-соолукту чыңоочу,
Кошулмасы көп деймин.

К. Соорбекова

Тушум майрамы

Ред. К. Соорбекова
Диз. Е. Бобрышева
Формат 80х64, 1/16
кол. 1,5 басма табак,
офсет кагаз
тираж 1000 даана
ЖЧК БПК «Максат»
ж. Гвардия гул багы 27
+ 996 (779) 23 26 27